**Кабаева Бермет Темиржановнанын «Кыргыз Республикасындагы референдумдун теориясы жана практикасы» аттуу темадагы 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчисинин**

**П И К И Р И**

Изденүүчү Кабаева Бермет Темиржановнанын диссертациялык изилдөөсүнүн темасы актуалдуу маселеге арналган.

Анткени Кыргыз Республикасынын эгемендүү жана көз карандысыз мамлекет катары калыптанышында референдум институтунун орду талашсыз.

Айрыкча Кыргызстандын конституциялык мыйзамдарынын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын өнүгүүсү референдум менен түздөн-түз байланышкан.

Изденүүчү туура белгилегендей, Кыргыз Республикасындагы референдумдардын мамлекеттик жана коомдук саясий-укуктук мааниси да бир өңчөй мүнөзгө ээ эмес. Бир жагынан, бул институттун Кыргыз Республикасынын укуктук калыптануусундагы жана өнүгүүсүндөгү зор мааниге ээ экендиги белгиленсе, экинчи бир жагынан, бүткүл элдик добуш берүү жолу менен Кыргызстанда үй-бүлөлүк жана авторитардык бийлик системасы орун алгандыгы жана анын улам күчөп баргандыгы, референдумдун саясий конъюнтуралык маселелерди чечүү каражатына айлангандыгы да атайын диссертациялык жана монографиялык изилдөөлөрдө маалымдалып келет.

Бул жаатта референдумду укуктук институт катары изилдөө жана Кыргыз Республикасындагы өткөрүлгөн референдумдардын тажрыйбасын жалпылап өздөштүрүү да ата мекендик конституциялык-референдумдук

тармактын жана жалпы эле конституциялык укук илиминин актуалдуу маселелерин түзөөрү да шек туудурбайт.

Ошондуктан диссертациялык изилдөөдө Кыргыз Республикасындагы референдумдун конституциялык-укуктук табиятын аныктоо менен аны ишке ашыруунун укуктук механизмин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу максаты коюлган.

Бул изилдөө максатынын алкагында референдум түшүнүгүн жана анын белгилерин ачып берүү; референдумду укуктук институт катары изилдөө; Кыргызстанда референдумду уюштуруунун жана өткөрүүнүн укуктук принциптерине талдоо жүргүзүү; Кыргыз Республикасындагы референдум укуктук институтунун көйгөйлөрүн изилдөө; Кыргыз Республикасынын референдум жөнүндөгү улуттук укук ченемдик актыларын жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу сыяктуу бир катар маселелерди чечүү аракети жасалган.

Диссертацияда коюлган илимий максатка жетишүү жана ага байланыштуу маселелерди чечүү эмгектин түзүмүн шартташып, жумуш киришүүдөн, үч бапты жана алты бөлүмдү бириктирген негизги бөлүктөн, тыянактардан, практикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турду.

Диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктар тиешелүү децгээлдеги илимий жаңылыгы менен мүнөздөлөт десек болот. Алсак, биринчиден, Кыргыз Республикасындагы референдумдун конституциялык-укуктук табиятын аныктоо маселелери теориялык жактан комплекстүү изилдөөгө алынган; экинчиден, «референдум» түшүнүгүнө автордук аныктама берилген; үчүнчүдөн, референдумдун маани-маңызы ачып көрсөтүлдү жана аны жөнгө салуу боюнча автордун позициясы аныкталган; төртүнчүдөн, референдумду конституциялык-укуктук институт катары таануу боюнча автордун позициясы негизделди жана бул түшүнүктүн автордук аныктамасы берилген.

Ошону менен бирге, изденүүчү Кабаева Б.Т. бир катар конкреттүү практикалык сунуштарды иштеп чыккан. Алсак, биринчиден, Кыргыз Республикасынын референдум жөнүндөгү аракеттеги мыйзамдарын талдоонун негизинде улуттук мыйзамдарда референдумдун предмети так аныкталбагандыгы жана бул маселени чечүү боюнча автордун сунуштары негизделген; экинчиден, «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Конституциялык мыйзамына толуктоолорду киргизүү боюнча практикалык сунуштар негизделген; үчүнчүдөн, «Кыргыз Республикасындагы элдик мыйзам чыгаруу демилгеси жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча практикалык сунуштар негизделген.

Автор тарабынан «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Конституциялык мыйзамынын 7-беренесин жаңы «1-1» бөлүгү менен төмөнкү редакцияда толукталышы сунушталат: «1-1. Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоорун, Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча мыйзамынын долбоорун, Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын долбоорун кошкондо, Кыргыз Республикасынын референдумуна чыгарган учурда, ал мыйзамдын долбоору, Жогорку Кеңештин Регламентине ылайык, тиешелүү мыйзам чыгаруу процедурасын толук өтүшү талап кылынат. Бүткүл элдик добуш берүүгө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоорун кабыл алуу маселеси гана коюлат».

Биздин пикирибизде, бул өтө маанилүү сунуш. Себеби буга чейин болуп келген референдумдарга бир топ маселе «дүңү» менен коюлуп келе жатат. Ал эми референдумдун маңызы боюнча, ага ачык жана так бир гана «Ооба» же «Каршы» деген жоопту талап кыла турган маселе коюлушу керек. Ошондуктан, бүткүл элдик добуш берүүгө коюлуучу маселе мыйзамдын, анын ичинде Конституциянын да, долбоору боло турган болсо, анда мындай